# №82 жалпы билим берүү орто мектебинин 2018-2019-окуу жылындагы окуу-тарбия иштериндеги көйгөйлөргө багытталган отчет анализи

Сканировано с CamScanner

**№82 жалпы билим берүү орто мектебинин 2018-2019-окуу жылындагы окуу-тарбия иштериндеги көйгөйлөргө багытталган отчет анализи**

| **Анализдин негизги мазмуну** | **Окуу-тарбия иштериндеги жетишкендиктердин жана милдеттердин ишке ашырылышы** | **Чечилбеген көйгөйлөр. Көйгөйлөрдүн чечилишине жолтоо болгон себептер** | **Башкаруунун чечимдери** |
|---|---|---|---|
| Окуучулардын саны, класс комплекти | 3042 82 класс комплекти | Аймакташ конуштардан келген балдардын санынын көптүгүнөн улам класс кабинеттер жетишсиз, окуу тартиби 3 мөөнөттө жүргүзүлүп келет. | Жаңы мектеп 500 орундуу 2262 окуучу окуйт, эски мектеп 320 окуучуга ылайыкташтырылган, бүгүнкү күндө 780 окуучу билим алып келет. |
| Окутуунун жыйынтыгы | Мектептин жылдык планы, ОТИ нин планы, УБнин планы ошондой эле 2017-2022-жылга чейин мектептин 5 жылдык өнүгүү планы түзүлүп, ал боюнча тиешелүү жетекчилердин жана предметтик мугалимдердин планга ылайык койгон максат, милдеттери иш жүзүндө ашырылып келе жатат. | -Окуучунун санынын көптүгү (ар бир класста 35-44);<br>-Окуу процессинин 3-мөөнөтө жүргүзүлүшү;<br>-Баланын санынын көптүгүнөн кабинеттик системада өтө албай жаткандыгыбыз;<br>-Физика, химия, биология кабинеттеринде реактивдердин, лабораториялык каражаттардын жетишсиздиги ж.б. | Директор алдындагы, ОБнүн алдындагы, өндүрүштүк кеңешмеде, педагогикалык кеңеште каралып турат. |
| Мугалимдердин сандык сапаттык курамы | 108 мугалим<br>Математика (орус класс) мугалими-1 | Айрым предметтик мугалимдердин жетишсиздиги, айлык маянанын аздыгынан жаңы конуштарга жаш адистердин тартылуусу. | Олимпиада<br>ЖРТ<br>Ырааттуулук<br>Ички көзөмөл |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Химия, биология (орус класс) мугалими-1 | Бир нече ЖОЖдор менен кызматташтык иштер жүргүзүлүп жатат. | |
| Мектеп жетекчилигинин ишмердүүлүгү | Жылдык пед.кеңештин планына ылайык тиешелүү жетекчилердин милдеттери толугу менен аткарылды. | -5 жылдык билими бар, тажрыйбалуу психолог, социалдык педагогдордун жоктугу, ЖОЖдор менен кызматташтыктар бар, бирок чечилбей келет. | Тиешелүү мекемелерге табыштамалар берилген. |
| Усулдук иштери | Мектептин жылдык планынын жана өнүгүү планынын негизинде усулдук иштеринин планы түзүлүп жыл ичинде системалуу иштер жүргүзүлдү.<br>Кесипке багыттоо,9-11-класстар жана 11 мугалим окуп келип, сертификаттарга ээ болушту.<br><br>Көп тилдүүлүк долбоору боюнча 2012-жылдан бери иштеп, бүгүнкү күндө 9 мугалим атайын сертификатка ээ болгон. Айырым сабактарда көп тилдүү окутуунун ыкмасы боюнча сабактар өтүлүп келет.<br><br>Жүрөгүм менин балдарда сынагында райондо 3 мугалим катышып келди. «Жылдын мугалими» Джусупова А.Н.-биология мугалими; | Өз билимин өнүктүрүүнүн үстүндө иштөөгө мүмкүнчүлүктүн аздыгы, айлык маянанын жетишсиздиги.<br>Жаңы стандарт боюнча окуу китептери, усулдук колдонмолордун жетишсиздиги.<br>-Орус тилдүү класстарда китептердин жетишсиздиги, окуучулар үчүн чыгарылган окуу китептеринин окуу программасы менен дал келбестиги… | Окуу программалары, календардык тематикалык пландар август айында бирдиктүү системалуу түзүлсө (КАО). |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | «Жаш мугалим» Күрөңкеева Н.Б- математика мугалими;<br>“Класс жетекчи” Анарбекова Г.А. география мугалими.<br><br>Чеберчилигин жогорулатуу курстарынан 59 мугалим билим алды (Креатив таалим, КАО, семинар-тренингдер ж.б.)<br>Кыргыз тест-8 окуучу 60-98 баллга ээ болуп сертификат алышты.<br><br>Тил жана Айтматов аталышындагы 3 айлыкта көркөм окуу боюнча райондо 3-орун,<br><br>Манас күнүнө карата өткөрүлгөн Манасчылар сынагында райондо 3-орун,<br><br>Усулдук кеңештин негизги милдеттери:<br>-Окуу-тарбия иштерин жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча иш-чараларды аткаруу;<br>-Окуу-тарбия ишинде окутуунун жаңы технологияларынын ишке ашышын камсыз кылуу;<br>- Мугалимдердин кесиптик квалификациясын,чеберчилигин жогорулатуусуна өбөлгө түзүү аркылуу өз билимин өркүндөтүүсүнүн үстүндө иштөөсүнө шарт түзөт; | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | - Педагогикалык коллектив менен бирдикте мектептин өнүгүүсүнүн негизги багыттарын аныктайт;<br>- Педагогикалык алдыңкы тажрыйбаларды жалпылайт жана жайылтат;<br>- Предметтик олимпиадаларды,жумалыктарды,семинарларды,тегерек столдорду уюштурат;<br>- Педагогикалык газета-журналдарга окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча усулдук иштелмелерди иштеп чыгат.<br><br>Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүдө 2018-2019-окуу жылында төмөндөгүдөй милдеттер алдыга коюлду:<br>- Мамлекеттик тил жана адабияты предметин сабакка коюлган азыркы күндүн талаптарына ылайык окутуу, окуучулардын билим сапатын көтөрүү;<br>- Ар кандай чөйрөдө жана тематикадагы кеп маданиятынын нормаларын сүйлөө жана жазуу кебиндеги кыргыз адабий тилинин нормаларын туура сактоого үйрөтүү;<br>- Окуучуну эне тилин улуттук улуу дөөлөт,сыймык,маданият катары кабыл алып,аны тарыхый-руханий | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга,коргоого жана колдонууга көнүктүрүү;<br>- Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнө карап өнүктүрүүгө жана окутулуп жаткан предметке кызыгуусун жогорулатууга багытталган сабактан тышкаркы иш-чараларды,предметтик олимпиадаларды,конкурстарды,кароолорду уюштуруу жана өткөрүү, райондук,шаардык иш-чараларага үзбөй катышуу;<br>- Илимий-изилдөө долбоорун түзүп,окуучулардын изилдөө жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү;<br><br>Окуу жылынын экинчи жарым жылдыгынан баштап мектепте мугалимдердин чыгармачыл тобу түзүлдү. Ал топтун демилгеси менен жуманын ар бир ишемби күндөрү семинарлар уюшутурулуп турду. Семинар ар тараптуу жана кызыктуу өтүлүп жатты. Баштапкы эки семинар маалекеттик жаңы стандарт боюнча маалымат боюнча семинар болуп өтүлдү.Андан кийикилери ошол жаңы стандарт боюнча | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | баштапкы класстын мугалимдери Абдивалиева Айнура жана Сарбанова Бегимай математика жана мекен таануу предметтери боюнча ачык сабакатарды өтүштү. Семинарга бардык мугалимдер катышып,өздөрүнүн ойлору менен бөлүшүп, тажрыйба алмашууга өбөлгө түзүлдү.<br>2019-жылдын 28-март күнү мугалимдердин чыгармачыл тобунун демилгеси менен "Шыктуу мугалим" аттуу кароо-сынак жарыяланып, ага ар бир усулдук бирикмеден бирден мугалим катышты, бул сынактын уюштуруучусу жана алып баруучусу болуп англис тили мугалими Жапакова Зульфия болду. Сынак өтө жогорку деңгээлде жана даярдыкта өткөрүлүп мугалимдердин жана администрациянын алкышына ээ болду. Жеңүүчүлөр атайын мектептин ата-энелер фондунун эсебинен баалуу белектер менен сыйланышты. Бул да болсо жаш мугалимдерди өзүнүн кесибин сүйүп иштөөгө стимул берди деген ойдобуз.<br>2019-жылдын 4-май күнү "Мыкты усулдук бирикме" аттуу | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | сынак өткөрүлдү. Мектепте жалпысынан алты усулдук бирикме болсо, алардын арасынан көп тилдүү билим берүү усулдук бирикмеси гана катышпай калды,калган усулдук бирикмелерден эң активдүүсү башталгыч класстар усулдук бирикмеси болду.Алар өз алдынча өз демилгелери менен усулдук кабинеттин ачылышын жасашып,мыкты даярдыктары менен сынакта өз иштерин жайылтуу менен биринчи орунга ээ болушту. Жыйынтыгында, 1-орун башталгыч класс усулдук бирикмеси;<br>2-орун англис тили усулдук бирикмеси;<br>3-орун кыргыз тили усулдук бирикмеси ээ болду.<br>Жыйынтыктап айтканда, 2018-2019-окуу жылында усулдук кеңеш пландаштырган жана алдыга коюлган милдеттерди аткаруу менен жылды ийгиликтүү аяктады.<br>Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча жогоруда коюлган милдеттерди аткаруу максатында,биздин мектеп | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жамааты 2018-2019-окуу жылында төмөндөгүдөй иш алып барышты: Жылдык пландын негизинде кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жана мамлекеттик тил боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы алдында кеңешме өткөрүлдү. Август айындагы кеңешмеде жаңы окуу жылына календардык-тематикалык пландар текшерилип, бекитилди. Мугалимдердин окуу жүктөмү бөлүштүрүлдү. Жыл ичинде кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча мугалимдердин тизмеси такталды. Мамлекеттик тил жана адабияты предметин сабакка коюлган азыркы күндүн талаптарына ылайык окутуу, окучулардын билим сапатын көтөрүү маселелери талкууланып, 2018-2019-окуу жылындагы жылдык баалардын жыйынтыгы боюнча окуучулардын билиминдеги жана жат жазуу иштериндеги каталар, аларды жоюу, окуучулар менен жекече иштөө маселелер каралды. Ар бир айда план боюнча аткарылуучу иштер кеңешмеде тааныштырылып, максаттуу бөлүштүрүлүп, иштер | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жүргүзүлдү.2018-жылдын 21-сентябрында "Сармерден "аттуу мамлекеттик тил күнүнө карата уюштурулган иш-чара жогорку деңгээлде өттү.Иш-чара мектеп линейкасы менен башталып, сахналаштырган сармерден оюн-зоогу менен коштолду.<br>4-декабрь Манас эпосунун күнүн белгилөө боюнча 6-ж классынын окуучусу Эркинбеков Улукмырза катышып, 3-орунга ээ болуп кайтты.<br><br>12-декабрь Адабият күнүнө да, жумалык жарыяланып иш чаралардын планы бекитилип, тарбиялык сааттар жана иш-чаралар өтүлдү.<br>Бул жылы эки улуу инсаныбыз Алыкул Осмонов менен Чыңгыз Айтматовдун жаркын элесине арналган чоң программадагы адабий кече болуп өттү Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү максатында 2018-2019-окуу жылынын жарым жылдыгында "Жаш калемгер" , "Көркөм окуу" долбоорлорун ишке киргизип, уюштуруу иштеи жүрүп жатат.<br>2018-2019-окуу жылында башталгыч класстардында 44 класс комплектиленген 7класс орус тилдүү жана 37 класс кыргыз класс.Жалпы 1556 | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | окуучу .Усулдук бирикменин жыйынында календарлык пландары каралып,директор тарабынан бекитилип ,мугалимдер сабак өтүүдөгү дидактикалык матералдарын, көрсөтмө куралдарын толукташып ишке киришти.1-4-класстар китеп менен камсыз болушту.Жалпы башталгыч класстар боюнча уюштуруу иштери жүргүзүлдү.Чейрек ичиндеги план бюнча алгачкы билим кесилиштери математика ,кыргыз тили сабактарынан алынды. Окуучулардын тамактануусу бюнча тамактануу графиги түзүлүп, ар бир класс жетекчиге милдеттендирилди.Жыл башындагы окуучулардын коопсуздугун алдын алу учун,ар бир класстын окуучулардын ата-энелери менен бирдикте,милдеттенмелер,келишимдер түзүлдү.Августь,сентябрь,октябрь айындагы шаардык семнарларга катышып методикалык жардамдарды алдык.Шаардык билим берүү тарабынан 1-4-класстардан окуу көндүмдөрүү , окуу техникасы боюнча билим кесилиштери алынып ,төмөндөгүдөй жыйынтыктарга ээболушту.1-2-класстардын оозеки баалоо иретинде жүргүзүлгөндүктөн билим сапаты пайыз менен бааланган жок.3-4-класстардын билим сапаттары : 3-класстар 72%,4- | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | класстар 84% пайызды көрсөтүштү.Өз билимин өркүндөтүү жана жаңы стандарт боюнча окууга мугалимдер окуп келишти.Мектептин ички билим сапатын баалоо боюнча кыргыз тили ,математика сабактарынан комиссия түзүлүп окуучулардын билим сапатын баалоо жүргүзүлдү.Шаадык башталгыч класстар арасында математика сабагынан өткөрүлгөн олимпиадага активдүү катыштык.Шаардык семнарда жаңы стандарттын негизинде жогорку деңээлде Баялиева Р.сабак өтүп берди.Кыргыз Билим Берүү Академиясы тарабынан алынган окуучулардын билим сапатын текшерүүдө жакшы көрсөткүчкө жетиштик.Кыргыз Билим Берүү Минстрлиги жагынан да 4-класстардын жетишкендиктерин кароо максатында тест алынды.<br>Мектепте 1-4-класстар арасында шахмат оюну өткөрүлүп жыйынтыгы чыгарылып жаш өзгөчөлүктөрү боюнча мактоо баракча жана баалуу белектерге татыктуу болушту.Жыл ичиндеги аткарылган иштердин жыйынтыгынын негизинде усулдук бирикмелердин арасынан биринчи орунга татыктуу болуу менен бирге баалуу сыйлык да алдык. | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9-11-классынын бүтүрүүчүлөрү-нүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы | КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин Жобосуна ылайык ЖМА өткөрүлүп, бардык тапшырмалар сейф пакеттерде келди. Жыйынтыгында 9-класснынын 176 окуучусу, 11-классынын 46 окуучусу, 11-кечки сырттан окуу классынын 24 окуучусу ЖМАны ийгиликтүү тапшырышты. | Айрым материалдык-техникалык жетишсиздиктер негизги көйгөйлөрдүн бири болду. Мүмкүнчүлүктүн жетишинче камсыздандырылды. | Окуучунун билимин тесттик тапшырма менен баалоо эффективдүү болгон жок.<br>Сабаттулукту жоюу боюнча тапшырмалар киргизилиши керек. |
| Тарбиялык иштер | Тарбия иштери жаш муундарды рухий адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо концепциясына ылайык, коомдо, өндүрүштө жана маданий турмушта активдүү-луккө даярдоо,тарбиялоо максатын өз алдына коюу менен иш алып барды.<br>Жогорудагы максатты реализациялоодо, класс жетекчилердин алдына коюлган милдеттер, төмөнкүдөй багыттар боюнча ишке ашырылды:<br>• Укук бузуучулукту алдын алуу багытында иш алып баруу;<br>• Ата-эне, окуучу, мугалим үч бурчтугун бекемдөө багытында иш алып баруу;<br>• Окуучунун инсан катары калыптануусуна жана окуудагы ийгиликке жетишүүсүнө социалдык - психологиялык шарттарды | Класс жетекчилер үчүн тарбиялоодогу усулдук көрсөтмөлөрдү камтыган, класстык сааттардын иштелмелерин камтыган тарбия журналынын жоктугу.<br>Заманбап техналогияларды колдонуп класстык сааттарды өтүүгө, санариптик кыргыз тилиндеги тарбиялык класстык сааттардын иштелмелеринин жоктугу.<br>Класс жетекчилик ишти алып барууда,түрткү маянанын аздыгы.<br><br>Класстарда окуучулардын санынын көптүгү. | КББА жана ШБББ нын адистери тарабынан,жазылган көйгөйлөр талкууга коюлат деген ишеничтебиз. |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | түзүп берүү багытында иш алпаруу;<br>• Кружоктордун жана проекттердин иш-аракеттерин күчөтүү;<br>• Окуучунун чыгармачылык жөндөмүн ачып берүү;<br>• Окуучунун турмушунда, Жашоонун Сергек Мүнөзүнүн калыптануусуна жол корсөтүү;<br>• Балдар травматизмин алдын алуу;<br>• Эмгек тарбиясына үйрөтүү ;<br>• Мектептин жана класстын ӨӨБ уюмунун натыйжалуулугун жогорулатуу;<br>• Түрдүү диний көз караштарга берилүүлөрдөн алдын-алуу иш-чараларын жүргүзүү;<br>• Сабакка катышуусун көзөмөлдөө;<br>• Окуучунун сырткы эстетикасын,өздүк гигиенасын көзөмөлдөөгө үйрөтүү;<br>• Маданияттуу,интелектуалдуу тарбиясынын өсүшүн көзөмөлдөө;<br>• Кесипке багыттоо иш чараларын жүргүзүү; | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 2018-2019-окуу жылында“Татыктуу тарбия –Сапаттуу билим”- деген ураан астында 82 класс жетекчиден турган усулдук бирикме жана 17 предмет-тик мугалимден турган педагогикалык жамааты түзүлдү.<br>Тарбия иштерин алпарууга коюлган максатты ишке ашырууда класс жетекчилер жана предметтик мугалимдер кужурмөндук, чыгармачылык менен талыкпай эмгектеништи.<br>Бардык багыттар боюнча тарбия ишинин жылдык планы усулдук бирикмеде макулдашылып,мектептин директору аркылуу бекитилди.<br>Ата-энелер менен иш алпаруунун жылдык планы,ӨӨБ уюмунун жылдык планы, Кыздар кеңешинин жылдык планы, Балдар кеңешинин жылдык планы бекитилди.<br>Соцпедагогтун,психологдун жылдык пландары бекитилип,план боюнча системалуу иш алпарылды.<br>Сентябрь айында “Жол эрежесин сактайлы” бир айлыгы өттү.1-11-класстарда класстык сааттар өтүлүп,бардык коопсуздуктар ЖЖЭ,ТК,ӨК, ТЭК боюнча көрсөтмөлөр көсөтүлүп,нускамаларга окуучу-лардын жанан ата-энелердин колдору коюлду.<br>Өзгөчө башталгыч класстардын 1- | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | классарында ЖЖЭ боюнча театралдаштырылган оюн – зоок иш чарасы 4-класстар тарабынан уюштурулду.Иш-чарага атайын биздин мектепке бекитилген жол кайгуул кызматкери, милициянын ага лейтенанты Жайлообаев У.А. катышты. Жол белгилеринин кичинекей китепчелерин белекке берип окуучулар менен таанышып, көрсөтмө берип, лекция окуп кетти.4-А классынын окуучулары, класс жетекчиси Акимова Наргиза мыкты уюштурган-дыгы үчүн мактоого татыктуу болушту.<br>Мамлекеттик тил майрамына карата 10-класстар-дын жана 7-класстардын окуучулары арасында “Сармерден” концерттик программасы болуп өттү. Иш чара кыргыз тил мугалимдери Боронова З.,Бейшебаева А, Усубалиева Н-мамлекеттик тил боюнча директор-дун орун басары тарабынан уюштурулду. Жыйынты-гында 10-класстын окуучулары жеңишке татыктуу болушту.<br>Октябрь,ноябрь айлары “Өспүрүмдөр арасында укук бузуучулукту алдын алуу” эки айлыгы бекитилди.<br>4-11-класстарында атайын эки айлык план түзүлүп иш чаралар өтүлдү.Укук бузуучулукту алдын алуу комиссиясы 1-сентябрьдан баштап 25-июнга чейин | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ишин алып барды.Ай сайын чогулуш өткөрүлүп ата-энелер менен биргеликте мектеп учетундагы,ЖӨИАТ учетундагы окуучуларды тарбиялоо иштери жүргүзүлдү.<br>-Адеп ахлактык иштери боюнча мектеп ичинде айылдык соту менен биргеликте бир нече түшүндүрүү иштери, тегерек столдор өткөрүлдү, кыздар, балдар кеңешинин чогулуштары чейрек сайын өтүлүү менен бирге системалуу иш алып барылды;<br>-Мекенчилдикке тарбиялоо багытында «Жоокер» проектисинин негизинде аскердик- спорт оюндары боюнча Ленин районунда 1-орунга, шаар ичинде 4-орунга ээ болдук.<br>-спорттук иштер боюнча мектеп лигасында райондо, шаарда «Роуп скиппинг» боюнча 1-орунга татыктуу болдук.<br>Жашоонун сергек мүнөзү багытында «Вливайся в жизнь» проектиси боюнча 9-кластардын окуучулары менен активдүү иштер жүргүзүлдү.<br>«Туриада» проектиси боюнча «Кыргызстандын жаш туристи» туристтик спорт таймаштардын активдүү катышуучусу деген сертификат, мактоо баракчалары менен 32 окуучу жана спорт комитетинин жетекчиси Джумагулов У.Ү. сыйланды. | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | «Жаштар келечеги» проектиси боюнча Дастан Бекешовдун катышуусунда мектепте окуучулар, мугалимдер, жергиликтүү лидерлер, жаштарды өнүктүрүү институтунун лидерлери, жаш бизнесмендер менен бир нече жолугушуулар өткөрүлдү, жыйынтыгында мектептин өзүн-өзү башкаруу уюмуна окуу китептери жана эмеректер алынып келинди.<br>-интеллектуалдык иштер боюнча Ыйык Ата журт коомдук жаштар фонду тарабынан уюштурулган интеллектуалдык «Жаш билерман» таймашта 2,3-орунду камсыз кылдык, Манас таануу жана Акыл таймаш интеллектуалдык оюндарынын, активдүү катышуучулары аталдык.<br>2018-2019-окуу жылында музыка багытында 4 ийрим ,1 кол өнөрчүлүк,спорттун 10 түрүнөн ийрим иштери жүргүзүлдү.<br>Ийримдерге 365окуучу катышып,май айында ийрим иштеринин бир айлык декадасы балуп өттү. Музыка багытындагы ийримдер отчеттук концертин беришти.Мактоо баракчаларына “Кубулжу комуз” -тобу,”Ала-Тоо шаңы”-хору “Байчечекей”бийчилер тобу татыктуу болушту. | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кызматташуу иштери (психолог, соц.педагог, китепкана) | Китепкана башчысы- китептер | Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде психология, соц.педагогика багытындагы усулдук колдонмолордун жетишсиздиги жана орус тилинде болгондугу. | Кыргыз тилинде колдонмо ктептерге муктаждык жаралат. |
| Материалдык техникалык база | - 24 компьютер<br>- принтер13<br>- ноутбук 2<br>- интеррактивдүү доска 6<br>-проектр 5<br>-муз.аппаратура 2 комплект. | Акырындык менен ата-энелер коомдук бирикмесинин, Билим берүү министрлигинин, Ленин райондук администрациясынын, Шаардык кеңештин жардамы менен чечилип келе жатат… | |

Мектептин директору: Исраилова А.Н.

Сканировано с CamScanner